...ИКАСЫНЫН
...АНА ИЛИМ
...ИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

____________№ 171/1 Бишкек ш.
г. Бишкек

**21 - февраль - Эл аралык эне тил күнүнө**
**карата айлык жарыялоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу, Бириккен Улуттар Уюмунун жана ЮНЕСКОнун чечиминин негизинде Кыргызстанда жашаган улуттардын ынтымагын бекемдөө, алардын эне тилин, маданиятын жайылтуу максатында **буйрук кылам:**

1. Бишкек, Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын жана республикадагы бардык райондук (шаардак) билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары, кесиптик орто жана жогорку окуу жайларынын мамлекеттик тил боюнча проректорлору жана директорлоруна:
   - 2022-жылдын 21- февраль - Эл аралык эне тил күнүнө карата бардык билим берүү уюмдарында бир айлык жарыялансын;
   - Министрликтин айлык боюнча иш-чаралар планы бекитилсин (1-тиркеме);
   - Билим берүү уюмдарында (Жогорку, орто, башталгыч кесиптик окуу жайлар, мектептер жана бала-бакчалар) “Эне тилди барктайлы” темасында шайыр тапкычтар клубун (ШТК), тарбиялык сабактарды, сынактарды, дил баян, видеосынактарды ж.б. иш-чараларды онлайн жана офлайн форматында уюштурулсун;
   - Кесиптик окуу жайларында, облустук усулдук борборлорунда өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча маалыматтар жалпыланып, 2023-жылдын 18-мартына чейин министрликке bilimmamtil@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүлсүн.
   - Мамлекеттик тил сектору 2022-жылдын 19-февралында жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга жөнөтсүн.
2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам

**Министрдин орун басары** **Т.А.Ашымбаева**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын "24" январь
№ 171/1 буйругу менен бекитилди

21-февраль-Эне тили күнүнө карата жарыяланган айлыктын
**иш-чаралар планы**

| № | Мазмуну | Орду | Убагы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | "Эне тилди барктайлы" темасында шайыр тапкычтар клубун (ШТК), тарбиялык сабактарды, сынактарды, дил баян, видеосынактарды ж.б. иш-чараларды онлайн жана офлайн форматында уюштуруу | | 18-февралга чейин | ЖОЖдор, башталгыч, орто кесиптик билим берүү, мектеп, бала-бакчалар |
| 2 | "Акындар ыр окушат" поэзия кечеси | Улуттук китепкана | 18-февраль Саат 15:00 | Мамтилди өнүктүрүү сектору |
| 3 | "Канткенде эне тилин сактап калабыз?" аталышында дебат клубунун оюну | К.Баялинов атындагы китепкана | 13-февраль Саат 10:00 | Мамтилди өнүктүрүү сектору |
| 4 | Айлыктын жыйынтыгы боюнча маалыматкат даярдоо | | | Мамтилди өнүктүрүү сектору |

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Г.Ибраимова